**УДК:94(575.2)**

**ЧОДОЛДОЕВА Г. Ж.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**CHODOLDOEVA G.J.**
*J.Balasagyn KNU*

# ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫНЫН МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ (XVIII-XIX КК)

## Животноводство кыргызов Тенир-Тоо (XVIII-XIX вв)

## Livestock breeding of the Tenir-Too kyrgyz (XVIII-XIX cc)

***Аннотация:*** *XVIII-XIX кылымдарда Теңир-Тоо кыргыздарынын башкы байлыгы жана турмуш-тиричилик жүргүзүүнүн негизги булагы төрт түлүк мал болгондуктан, мал-чарбачылыгы алардын турмуш-тиричилигинде негизги ролду ойногон. Теңир-Тоонун климаттык шартына жараша чарбасында кыргыз көчмөндөрү кой, эчки, бодо мал, топоз, жылкы, төө багышкан. Малдын саны феодалдын кыргыз коомунун социалдык структурасынын иерархиялык баскычындагы ордун, анын жакшы жайытка биринчилерден болуп көчүүсүн жана башка укуктарын аныктаган.*

*Жалпы алганда көчмөн малчылык экстенсивдүү, дыйканчылык аз өндүрүмдүү болгон. Теңир-Тоо кыргыздарынын коомдук турмушунда патриархалдык – уруулук мамилелер үстөмдүк кылган, алар мал чарбачылыгы менен кесиптенишип, чыгыш жагы- Чыгыш Түркстандан баштап, батыш тарабы Тогуз-Торо, Суусамыр өрөөндөрүнө чейинки географиялык мейкиндикте көчмөндүк-тиричилик жашоолорун өткөрүшкөн.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается скотоводство кыргызов Тенир-Тоо в XVIII-XIX вв. Традиционно главным занятием кыргызов Тенир-Тоо являлось скотоводство. Однако его направления в зависимости от исторических условий менялись. В этот период основная часть всех пригодных для жизни территорий Тенир-Тоо использовалась в качестве пастбищ, главную сферу хозяйствования составляло животноводство. В соответствии с климатическими условиями Тенир-Тоо население содержало лошадей, коров, овец и коз, а атбашинцы на джайлоо Аксай и Арпа содержали и яков.*

*Каждый род круглогодично кочевал на определенных территориях, соблюдая принцип вертикального передвижения из низлежащих долин к высокогорным пастбищами наоборот.*

***Abstract:*** *XVIII-XIX centuries in Uruguay English vocabulary and is the main source of household grazing, cattle-breeding played a major role in their everyday life. Depending on the climatic conditions of the Tien Shan farm settlers, sheep, goats, cattle, buffaloes, horses, camels and kept him. Feudal society's social structure is hierarchical stage, the number of cattle, good pasture, identified as one of the first movement and other rights.*

*In general nomadic livestock-intensive, low-productivity agriculture. Threads in Uruguay dominated the public life of patriarchal and tribal relations, livestock farming, kesipteniş‌ip east from East Turkistan, the west side of the thigh frosts, Suusamyr valleys in the geographic area enjoyed a nomadic community lives.*
***Урунттуу сөздөр:*** *Тенир-Тоо, мал чарбачылыгы, көчмөн, жылкы, кыргыз коому*
***Ключевые слова:*** *Тенир-Тоо, животноводство, кочевники, лошадь, кыргызское общество*
***Key words:*** *Central Tenir-Too, livestock, nomadic, horse, the Kyrgyz society*

Борбордук Теңир-Тоо кыргыздары географиялык шартына ылайык экстенсивдүү көчмөн мал чарбачылыгы менен оокат кылышкан. Кыргыздардын малчыларынын көчүү циклы илгертеден белгиленген тартипте даана ар бир урууга тиешелүү аймакка белгилүү маршрут менен көчүп жүргөн. Ар бир уруу өзүнө таандык болгон жайлоолоруна жана жеке конуштарына көчкөн. Андан ары улантып отурукташуу ар бир мезгилдин тоютуна жараша болгон. Көчмөн мал чарбачылыгы менен күн көргөн элдердин бир-бирден жалгыздап жашоосун элестетүү мүмкүн эмес. Айттырбай келген табигый жаратылыш кырсыктары менен бетме-бет өмүр сүргөн көчмөн малчылар өз ара жардамга, көмөк көрсөтүүгө ар дайым муктаж болушкан. Майдын аягы июндун башынан тартып сентябрга чейин вертикалдуу түрдө улам бийик өрөөнгө жайлоого көчкөндө уруу, урук, тукумдар, бир атанын балдары чакан айылдарга чачырап, конуштарына конушкан. Эгерде андай болбосо жоокерчилик заманда күнөөсүз элди жоодон, кыргындан сактап калуу кыйынга турмак. Теңир-Тоолуктар Аксай, Арпа, Орто-Сырт, Соң-Көл, Солтон- Сары, Кара-Кужур жайлоолорунда көчүп-конуп жашашкан.
Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын башкы байлыгы жана турмуш-тиричилик жүргүзүүнүн негизги булагы төрт түлүк мал болгондуктан, мал-чарбачылыгы алардын турмуш-тиричилигинде негизги ролду ойногон, анын өнүгүшүнө көбүнчө Теңир-Тоонун жаратылыштык-климаттык шарты чоң таасир көрсөткөн, ошондуктан мындай жагдай көчүүнүн формасына дагы таасир эткен. Башка көчмөндөр сыяктуу эле Теңир- Тоолуктар негизинен горизонталдуу жана айрым учурларда вертикалдуу көчүүнү колдонушкан. Бул жөнүндө орус булактарында маалыматтар бар. Мисалы, “малын тоюттандыруу максатында, кыргыз бир жерден экинчи жерге көчүп жүрөт. Жайкысын кышындагыга караганда бийик жерге жетишет. Кыргыз тоютту коруп пайдалануунун тартиби боюнча бүтүндөй системаны ойлоп тапкан, экономикалык же болбосо жайытты сарамжалдуу пайдалануудан баштап, метеорологиялык же, кардын түшүүсүнөн, ашуулардын жабылышына чейин мөөнөттөрдү эске алган”, [8.110-б]-деп жазганА.Снесарев.
XIX кк. ортосунда Кыргызстандын жарактуу жеринин негизги бөлүгү жайыт үчүн пайдаланылгандыктан, мал багуу чарбачылыктын негизги бөлүгү болуп эсептелген. Малчылар жайкысын бийик ак кар, көк муздун астына чейин жетишсе, кышында шамалдан калка кокту-колоттордо жана өзөн бойлорунда кыштаган. Теңир-Тоонун климаттык шартына жараша чарбасында жылкы, уй, кой-эчки, ал эми Ат-Башылыктар Аксай, Арпа жайлоолорунда топоз да багышкан. Башка жандыктардан айырмаланып топоз эч кандай колго багууга жана ага тоют камдоого муктаж болгон эмес.
Теңир-Тоолук көчмөндөрдүн мал чарбачылыгында кой өстүрүү эң маанилүү ролду ойнойт. Мындай көрүнүш мурунку табигый чарбасынан азыркы базар катнашы

боюнча деле байкалат. Көчмөндөргө эң керектүү нерселердин баарын негизинен кой чарбасы берген: койдун этинен жана майынан тамак жасашса, жүнүнөн боз үйдө керектелген кийиз буюмдарын жана кийим жасашчу, териси идиш-аяк жасоого керектелген. Койду жылына эки жолу кыркышчу. Жазында кыркылган жүндү даакы деп атаган, сапаты күзүндө кыркылган жүндөн начарыраак болгон. Кыргыздын байлыгы жана анын коомдогу орду малынын көптүгү менен ченелген. Канчалык кою көбүрөөк болсо, ошончо көп пайда табышчу. Жылкы саны жагынан койго жетпесе да чарбачылыкта өзгөчө орунда турган. Аны унаа катары пайдаланышкан, аскердик иштерде минишип, сүтүн, кымызын ичип, этин жешип, жылкыга абдан маани беришкен. К.И.Петров Мирза Хайдардын кол жазмаларына таянып Теңир-Тоо кыргыздарынын жылкыны жакшы көрүп багышаарын жана аны чоң-чоң майрам, салтанаттарда жылкыны баш байге катары берилээрин айткан [7.79-б]. Ошондой эле Ф.В.Поярков: “кыргыздар мыкты аргымактарды күтсө да, малдарын, анын ичинде кышында жылкыларын жуттун жана жырткыч жаныбарлардын кесепетинен жоготуп алышат”-деп жазган [1.6-б]. Ушундай эле маалыматты биз А.Рязановдун Казакстан Республикасынын сейрек кол жазмалар фондусунда сакталган “История и быт казак-кыргызского народа” деген очеркинде кезиктиребиз. Ал минтип жазган: “кыргыздар жайы-кышы көчүп жүрүшөт, ал эми жылкыны абдан баалап, жайында кымызды мыкты суусундук катары ичишет” [2.2- б]. 1820-1821-жж. кыргыз жери аркылуу Кытайга келген Е.Тимковский: “кыргыздар, кытайча айтканда буруттар, Чыгыш Түркстандын батышында жашаган көчмөн эл болот экен. Негизги тамагы катары эт жешип, вино ордуна кымыз ичишет”,- деп белгилеген [9.52-б]. Чындыгында тоо арасында жана бийик тоолуу өрөөндөрдө көчмөндөрдүн турмушунда жылкысыз жашоо кыйын болгон. Ошентип, кыргызды жылкысыз элестетүү мүмкүн эместигин көптөгөн европа саякатчылары белгилеп жазып келишкен.

Жогорудагы биз белгилеген орус саякатчыларынын маалыматтарынын айырмаланып, кыргыз тилин жана жергиликтүү элдин турмуш-тиричилигин жакшы билген аскер адамы Г.С.Загряжскийдин кыргыз байларынын жашоо турмушу географиялык факторго түздөн-түз көз каранды болорун мындай деп белгилейт: “кыргыздардын байгерчиликте, жакшы жашоосу малдын санынан көз каранды... Көп малы болсо, алардын курсактары ток жана оорушпаса – анда кыргыз бай жана бактылуу. Эгерде малды жут жана оору каптаса – анда кожоюндун кайгысы жана шору. Кыргыздын малга көз карандылыгын сүйлөгөн сөзүнөн эле билип койсо болот. Себеби, алгач эле жолуккан адам менен “мал-жан аманбы” деп амандашат” [10.2-б].

Күнүмдүк-чарбалык кыргыздардын турмушу үчүн алардын тиричилигинде төрт түлүктүн башында турган төө дагы эң керектүү мал болуп эсептелген. Төө көчмөн чарбачылыкта жүк артуу боюнча жылкы, эшек жана топоздон да күчтүү жана башка сапаттары жагынан алардан жогору турган.

Бул мезгил жоокерчилик заман болгондуктан кыргыздар малын жайытка баккан, жана бир жерде отурукташкан эмес. Бул мезгилде кыргыз урууларынын жана коңшу элдердин өз-ара ынтымагы бекем болбой, жайыт талашуу, биринин жылкысына бири “тийип кетүү” сыяктуу чыр-чатактар мезгил-мезгили менен болуп турган. Ошол себептен малды күнү-түнү кезек менен жылкычылар кайтарып жүрүшкөн. Элдин сыртынан кароолдоп кайтарып жүргөн баатырлар болгон. Аларды “чалгынчы” дешчү. Кыргыздардын феодалдарынын ээлеген жерлери, жайыттары Чүй, Талас, Нарын өрөөнү

, Ысык-Көл ойдуңу жана Соң-Көл, Суусамыр, Аксай, Арпа сыяктуу жайлоолору болгон.

XIX кк. биринчи жарымында Теңир-Тоо кыргыз урууларынын чарбаларынын башкы тармагы көчмөн жана жарым көчмөн малчылык болгон. Бул мезгилде кыргыз чарбасында дыйканчылыктын ролу мурдагыга караганда кыйла олуттуу болгон.Дыйканчылык – жайында таруу, конокту буурусунга өгүздү кошуп айдачу. Аны кош деп аташкан. Кошту урук-урук болуп, калпакка, табакка, баштыкка ченеп себишчү. Эгин айдаган жерге мал, айыл турчу эмес [4. 261-б].

Кыргыз тарыхнаамасында эгемендик мезгилине чейин көптөгөн окумуштуулар кыргыздардын экономикалык турмушунда көчмөн жана жарым көчмөндүк турмушта жашашкан деген көз карашты карманып келишкен. Бирок, кыргыздар эзелтен эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын отурукташкан дыйкан калкы менен аралашып, дыйканчылыктын жана ирригациянын ар кандай жолдорун үйрөнүп, көчмөндөрдүн айрым бөлүктөрү отурукташкан турмушка өтүп дыйканчылык кылып келген. Жалпы алганда көчмөн малчылык экстенсивдүү, дыйканчылык аз өндүрүмдүү болгон. Кыргыз айылдарында патриархалдык-феодалдык мамилелер өкүм сүргөн, тагыраак айтканда феодалдык өндүрүш ыкмасы аныктоочу күч болуп, анда патриархалдык-уруулук түзүлүш олуттуу роль ойногон.

50-жылдарда окумуштуу тарыхчылар Орто Азия жана Казакстандын көчмөндөрүнүн жашоосунун социалдык маңызы жана коому кандай түзүлүштө болгон деген проблеманы чечүү үчүн 1954-жылы Ташкентте өткөн кеңейтилген илимий сессияны өткөрүшкөн. Сессиянын жүрүшүндө 5 маселе каралган. Алар: Орто Азия жана Казакстандын көчмөн элдеринин патриархалдык-феодалдык мамилелеринин маңызы жөнүндө; Орто Азия жана Казакстандагы 1916-жылдагы көтөрүлүштүн мүнөзү жөнүндөмаселелер эле.

Биринчи маселе боюнча негизги баяндама “О сущности патриархально- феодальных отношений у кочевых народов Средней Азии и Казахстана” деп аталып, аны Л.П.Потапов жасаган. Ал өз баяндамасында Орто Азия жана Казакстандын көчмөндөрүнүн экономикалык-саясий турмушу патриархалдык-урууччулдук мүнөздө болуп, алардын негизги байлыгы мал чарба болгондуктан, чарбасы жерге тыгыз байланыштуу экендигин далилдеген [12.21-б]. Л.П.Потаповдун бул концепциясы советтик кыргыз историографиясында кайра куруу жылдарына чейин өкүм сүрдү.

Изилдөөчүлөрдүн ичинен С. И. Илъясов [11.43-49-бб] көчмөн малчылыктын шартында жер менен малдын ролу бирдей болгон деген концепцияны айтып чыккан.

Биздин пикирибизде, окумуштуу Л.П.Потаповдун негизги байлыгы мал болгондуктан, алардын чарбасында жайыт жерлер чечүүчү мааниге ээ болгон деген көз карашын туура деп эсептейбиз. Кыргыздардын коомдук жана өндүрүштүк мамилелеринин өзгөчөлүгү дал мына ушунда болгон.

Кыргыз көчмөндөрү тоолуу жердин географиялык шартына, жыл бою жайыт отуна көнгөн кой, эчки, бодо мал, топоз, жылкы, төө багышкан. Мында жылкыдан, башка малдан бир нече эселеп көп болгон кой биринчи орунда турган. Бирок мааниси жагынан баары бир жылкы артыкчылык кылган: ал күч-унаа катары пайдаланылган, эти желген, сүтүнөн кымыз жасалган, жал-куйругунан аркан эшилген, терисинен да ар кандай буюмдар жасалган. Малдын саны феодалдын кыргыз коомунун социалдык структурасынын иерархиялык баскычындагы ордун, анын жакшы жайытка биринчилерден болуп көчүүсүн жана башка укуктарын аныктаган. С.М.Абрамзондун эмгегине таянсак кыргыздардын негизги иши көп кылымдарды карытып, экстенсивдүү

мүнөзгө ээ көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы болуп эсептелип, көчмөн жана жарым көчмөндүк турмушта жашашкан. Тарыхый шартка болгон көз карандылыкка жараша мал күтүүнүн багыты өзгөрүлүп тургандыгын көрүүгө болот. Уруулар аралык араздашуулар, касташып-жоолашуулар мезгилинде, сырткы душмандардын басып алуучулук коркунучтары маалында майда жандыктарга жана төөлөргө караганда негизги көңүл жылкы өстүрүүгө бурулгандыгын жазган [3.83-б]. Кыргыздардын уюмдашуусунун негизги формасы жайыт-көчмөндүк жамаат болуп, анын чордонун айыл түзгөн. Жамаат нагыз таптык мүнөздө болгон. Анын тургундары жыл мезгилине жараша белгилүү бир аймакта көчүп-конуп жүрүшкөн. Көчмөн айыл жамааты кыргыздардын социалдык- экономикалык жана рухий турмушунун бардык тараптарын чагылдырган. Патриархалдык чоң үй-бүлөлөр өз алдынча чарбалык уюткуну иш жүзүндө жамаатты түзгөн. Кыргыздарда жерди жеке жана жамааттык ээлөө жарыш өнүгүп, бирин бири толуктаган. Кыргызстандын түштүгүндө жерге мамлекеттик (амляк), жеке менчиктик (мүлк) жана жамааттык (замини жамаат) менчик системасы калыптанган. Бардык кыргыз жайыттары ири уруу бирикмелерине бекитилип берилген. Көптөгөн кыргыздардын көчмөн феодалдары уруу башчылары хан буйругу менен эсептешпей иш жүзүндө жер ээлери катары чыгышкан. Кыргызстандын түштүгүндө жерге менчиктигинин формалары сакталган. Кыргыздардын тиричилиги менен көчмөн турмуш өзгөчөлүгү алардын соода- сатыгынын мүнөзүн аныктаган. Натуралай алмашуу кеңири тараган. Соода-сатык жүргүзүүдө кыргыздар көбүнчө кокон, бухара теңгелерин, ошондой эле күмүш жамбыларды колдонушкан. Кыргыздардын өз акчалары болгон эмес. Кыргыз айыл-конуштарындагы соода кокондук жана кашкарлык соодагерлердин колунда болгон. Кокондон кездеме, бут кийим, кийим-кечек, Кашкардан-бөз, мата, чыт кездемелер, жемиш кактары алынып келинген. Кыргыздар аларды малга айырбашташкан. Эркектер темир усталык, зергерчилик кылышкан, жыгач, тери, металл иштетишкен. Темир усталаржана зергерлер ат жабдыктарын, бычактарды, кемер курларды, кутуларды чоң чеберчилик менен жасашкан. Сөйкө, шакек, билериктерди чегип коовдошкон. Күмүштөн чегилген буюмдар эң кооз болгон. Кыскасы, кыргыздардын колдонмо-жасалга өнөрү жогорку деңгээлге жеткен. Кыргыз аялдары кийиз басышкан, шырдак шырышкан, кездеме токушкан, тери ийлешкен, боз үйдүн ички жасалгаларын жасашкан, ошондой эле чий токушкан, кийим-кечек тигишкен, сайма сайышкан. Кыргыз боз үйү, тургун жайлары улам өркүндөй берген. Кокондук бийлик тушунда отурукташкан көчмөндөр кыштактарда жашашкан, чыңдоо-чен системалары пайда болгон. Ата-тектүү бийлердин, байлардын жана баатырлардын күмбөздөрү тургузула баштайт. Мечиттер, медреселер курулган. Кыргыздардын тамак-ашында сүт (айран, жуурат, сүзмө, курут, сары май, эжигей, кымыс) жана эт (беш бармак), казы-карта, чучук азыктары басымдуулук кылган. Кыргыздар арпадан, буудайдан талкан жасашкан, көжө бышырып, нан жабышкан. Эркектердин жана аялдардын кийим-кечектери эң ар түрдүү болгон. Эркектер менен аялдардын ар кандай асемдик буюмдары болгон. Кыргыз келин-кыздары сөйкө, шакек, билерик, шуру-мончок салынышкан.

Жыйынтыктап айтканда, Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын биз изилдеп жаткан мезгилдеги социалдык-саясий тарыхына көңүл буруп, талдасак жалпы кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүндөй эле жалпы көчмөн элдер сыяктуу коомдук-экономикалык түзүлүштүн окшоштугу менен белгиленет.

Башка көчмөн элдер сыяктуу эле Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын коомдуктурмушунда патриархалдык – уруулук мамилелер үстөмдүк кылган. Кыргыз эли “оң”, “сол” канаттардан жана ичкиликтерден туруп, көптөгөн урууларга, уруктарга, тукумдарга, бир атанын балдарына бөлүнүшкөн. Мындай агайын-тууганды‌к байланыштар Борбордук Теңир-Тоолук кыргыздарга да мүнөздүү болгон. Мында XIX кылымдын биринчи жарымында ошол үч топко таандык урук-уруулардын көпчүлүгүнүнөкүлдөрү жашашкан [5.15-б].

Ошентип, Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-саясий структурасын изилдөөнүн натыйжасында, төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот.

Аталган мезгилдеги элдин жалпы саны жөнүндөгү маалыматтарга келе турган болсок, профессор Д.Б.Сапаралиев далилдегендей кыргыздардын жалпы саны 350-450 миң адамга жеткен [13. 64-65-бб].

Теңир-Тоолуктар мал чарбачылыгы менен кесиптенишип, чыгыш жагы- Чыгыш Түркстандан баштап, батыш тарабы Тогуз-Торо, Суусамыр өрөөндөрүнө чейинки географиялык мейкиндикте көчмөндүк-тиричилик жашоолорун өткөрүшкөн.

## ***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Каз.Респ.Улут.Китепканасынын сейрек кжф, инвентарь Инв.№364. вкл. лист 256952. Поярков Ф.В. О каракиргизах, или дикокаменных киргизах, кочующих киргизах, кочующих по отрогам Александровских, Тянь-Шанских и Алатауских гор.
2. Каз.Респ.Улут.Китепканасынын сейрек кжф, инвентарь Инв.№75. А.Рязанов. История и быт казак-киргизского народа (очерки).
3. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / С.М.Абрамзон. –Фрунзе: “Кыргызстан”, 1990. – 480 с.
4. Аттокуров, С.А. Кыргыздар XIX кылымда /С.А.Аттокуров. –Бишкек: [б.и.], 2003. -306 б
5. Джамгерчинов, Б. Присоединение Киргизии к России / Б.Джамгерчинов. -М.: Изд. соцэклит, 1959. – 435 с.
6. Джамгерчинов, Б. Киргизы в эпоху Ормон-хана (Из истории феодально-родовых войн киргизов XIX в.) / Б.Джамгерчинов. –Бишкек: АЛЛ Пресс, 1998. – 62 с.
7. Петров, К.И. Очерки феодальных отношений у киргизов в XV-XVIII вв. / К.И.Петров. - Фрунзе: Изд. АН Кирг.ССР, 1961. – 175 с.
8. Снесарев, А. Северо-индийский театр: военно-географическое описание/ А.Снесарев. –Ташкент: [б.и.], 1903. -Ч.1. -110с.
9. Усенбаев, К.У. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства (XIX век – до присоединения Киргизии к России) / К.Усенбаев. - Фрунзе: Изд. АН. Кирг. ССР, 1961. -165 с.
10. Загряжский, Г.С. Юридический обычай киргиз о различных состояниях и правах им присвоенных/ Г.С.Загряжский // Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник. - СПб., 1876. - Вып. IV. – С.154- 167.
11. Ильясов, С.И. О сущности патриархально-феодальных отношений у кочевых народов Киргизии / С.И.Ильясов // Материалы объединенной научной сессии,

посвященной истории Средней Азии и Казахстана в дооктябрский период. – Ташкент: Изд-во АН УзССР, 1955- С.43-49.

12. Потапов, Л.П. О сущности патриархально-феодальных отношений кочевых народов Средней Азии и Казахстана/ Л.П.Потапов // Материалы объединенной научной сессии, посвященной истории Средней Азии и Казахстана в дооктябрскийпериод. – Ташкент: Изд-во АН УзССР, 1955- С.21-26.
13. Сапаралиев, Д.Б. Некоторые сведения о численности кыргызов в XVIII в./ Д.Сапаралиев //Молодые обществоведы 60-летнему юбилею Советского Кыргызстана

***Рецензент: Зайниев Р.А.*** *– тарых илимдеринин кандидаты, И.Арабаеватындагы КМУнун доценти.*